### 8-кадам: Эмгек мигранты үчүн кепилденген социалдык пакет

Сиз Россияда социалдык камсыздандыруу укугуна ээ болосуз:

- оорусу боюнча (эмгекке жарамсыздык баракчасы)
- бала төрөгөнгө байланыштуу (декреттик тыныгуу,балдар үчүн төлөмдөр)
- күтүлбөгөн кырсык жана кесиптик оорулар
- жумушчунун өлүмүнө байланыштуу
- эмгек келишимин түзгөн учурда жумушчу катары милдеттүү түрдө медициналык камсыздандыруу

Бул социалдык пакет Сиз эмгек келишими боюнча иштесеңиз берилет.

Бул пакетти алыш үчүн Сиз жумуш берүүчү адамга, андан сырткары мамлекеттик кызмат көрсөтүүчү көп функционалдуу борборлорго да кайрылсаңыз болот.

### 9- кадам: Полициянын кызматкери менен мамиле кылуу

Полициянын кызматкеринен коркпоңуз, бирок өз укугуңузду билишиңиз зарыл.

ДАЙЫМА ӨЗҮҢҮЗ МЕНЕН КОШО:

- паспорт;
- миграциялык карта;
- миграциялык каттоого коюлгандыгы тууралуу билдирүү (регистрация);
- ыктыярдуу же милдеттүү медициналык камсыздандыруу полиси.

Бул документтердин баарысын көчүрмө кылып алууңуз жана түп нускасын өзүнчө бөлүп сактоо маанилүү. Себеби документтерди жоготуп жиберген учурларда Сизге оңой болот.

### 10- кадам: Россия федерациясына сиз менен чогуу келген үй-бүлөңүздүн укуктары

ЕАЭК ке кирген өлкөлөрдүн эмгектенген жарандарынын үй бүлө мүчөлөрү, аялы, күйөөсү, ата энеси, жашы жете элек балдары. Сиздин үй бүлөңүз, анын ичинде Сиз менен Россияга келген жашы жете элек балдарыңыз дагы каттоого турушу керек. Сиздеги эмгек келишиминин же контракттын негизинде алардыкы дагы узартылышы керек.

### 11- кадам: Адаптация

Эгер сиз улуттук, диний жана башка белгилер боюнча куугунтукка, кол салууга же кемсинтүүгө дуушар болсоңуз, ачык конфликтке кирбей өз укугуңузду коргоого аракет кылыңыз. Кыйкырбаңыз, мушташпаңыз, колуңузду шилтебеңиз, сөгүнүп, уят сөз сүйлөбөңүз. Мүмкүнчүлүктүн болушунча 112+2 же 102 ге чалып, сизге кол салуу болгонун, полициянын жардамы керек экенин айтыңыз. Даректи, кайда экениңизди, атыңызды, фамилияңызды, жарандыгыңызды айтыңыз.

### Кыргыз Республикасынын жарандары Россия Федерациясында акысыз юридикалык жардам алуу үчүн кайда кайрыла алышат?

**Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы Элчилиги**

Дарек: 119017, Москва ш., Большая Ордынка көчөсү, 64-үй. Ишеним телефону: +7 (499) 237-65-65,
+7 (499) 238-33-04

Чет өлкөдө жүргөн Кыргызстандын жарандары үчүн түз линия:

Элчинин ишеним телефону: +7 (925) 285-50-47

Консулдук ишеним телефону: +7 (925) 115-50-47

E-mail: kgembassy.ru@mfa.gov.kg

**Бишкек шаарындагы Маалыматтык-консультациялык борбор**

Дарек: Бишкек шаары. Токтогул көчөсү 237

Тел.: +996 (312) 62 02 51 Ыкчам линия: 0800-0000-189 бирдиктүү номери менен түз байланыш (республиканын бардык аймактарынан чалуу акысыз);

Стационардык телефондон кыска номер - 1899 (Бишкек шаарында гана);

WhatsApp: +996 559 189 900 Сайт: www.migrant.kg

**Россия Федерациясындагы МННО "TONG JAHONI" уюмунун бекер юристтери**

+7 903 148 9636, +7 926 834 7602 (WhatsApp, Viber, Telegram) орус жана англис тилдеринде;

+7 903 103 7442 орус жана өзбек тилдеринде

+7 916 459 0404 орус жана тажик тилдеринде

+7 903 166 6780 орус жана кыргыз тилдеринде

***Кененирээк маалыматты http://migranty.org/ сайтынан жана Play Market платформасында жеткиликтүү МигрАзия + мобилдик тиркемеси аркылуу алса болот.***

**ЭСИҢИЗДЕ БОЛСУН, БАШКА ӨЛКӨДӨ БОЛУУ МЕНЕН СИЗ АЛ ӨЛКӨНҮН МЫЙЗАМДАРЫН ЖАНА МАДАНИЯТЫН ӨЗ ӨЛКӨҢҮЗДӨГҮДӨЙ СЫЙЛАШЫҢЫЗ ЗАРЫЛ!!!**

ENSEMBLE, CONSTRUIRE UN MONDE JUSTE ET FRATERNEL · Secours Catholique Caritas France · КАРЫЛАРДЫН РЕСУРСТУК БОРБОРУ КООМДУК БИРИКМЕСИ · ИНСАН ЛЕЙЛЕК Коомдук Фонду

# РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДАН БАРГАН ЭМГЕК МИГРАНТЫНА КЕҢЕШТЕР

**Сапарга аттанардан алдың Сиз ПЦР тестти жүктөгөн "Covid 19 жок саякаттайм" мобилдик тиркемесине паспорттун мөөнөтү бүтө электигин текшерип алыңыз.**



## ЭМНЕДЕН БАШТОО КЕРЕК?

### 1-кадам: Адис менен кеңешиңиз

Өзүңүздүн аймагыңыздан адиске барып, Россия Федерациясынын чек арасынан легалдуу өтүү, миграциялык картаны туура толтуруу, миграциялык каттоонон өтүү, полиция менен туура мамиле кылуу, Россияда турак жайды ижарага алуу жана өзүңүздүн эмгек укуктарыңыздын негизи тууралуу бекер консультация алыңыз.

Пайдалуу ресурстар.

*Сайтмап: http://migranty.org; http://migrant.kg/*

Ишеним телефонунун номери 0 559 189 900

МигрАзия+ мобилдик тиркемеси жана Мигранттар үчүн колдонмо

### 2-кадам: "Кара тизмеде" бар же жогуңузду тактап алыңыз

Сизди Россия Федерациясына киргизбей коюу тобокелчилигинен алыс болуш үчүн бараардан 2 ай мурун мамлекеттик органдардан сиздин Россия Федерациясына кирүүгө тыюу салган же айып салынган эместиги жөнүндө маалыматты текшерип алыңыз. Бул РФ нын ИИМ сайтында.

КРнын алдындагы ДВМ алдындагы маалыматтык консультация борборунун сайтында муну кантип жасаш керек экендигинин кадам сайын көрсөтмөсү берилген.

### 3-кадам: Россия Федерациясынын чек арасынан өтүү

Кыргыз Республикасынын жарандары Россия Федерациясына чет элдик паспорт же Кыргыз Республикасынын ички жарандык паспорту (ID карта) менен кире алышат.

Россия Федерациясынын чек арасын өткөндө миграциялык картаны өзүңөр толтуруп жатканда көңүл коюп толтургула, ал эки бөлүктөн турат: А жана Б бөлүктөрү. Толтурулган миграциялык картага кол коёрдон мурда өзүңүз жөнүндө маалыматтын тууралыгын кунт коюп карап чыгыңыз, себеби кийин оңдоого мүмкүнчүлүк болбойт! А бөлүгүн чек арачы өзүнө алып калат, Б бөлүгүн колуңузга берет. Аны эч качан жоготпоңуз.

Картаны толтуруп жатканда сөзсүз түрдө Сиздин Россияга келүүңүздүн реалдуу максатына дал келген графаны чийиңиз. Эмгек миграциясы болсо, миграциялык картадагы «келүү максаты» графасына милдеттүү түрдө «жумуш» деп жазгыла. Келүү максатын кайра Россиядан чыгып кетмейинче оңдоого мүмкүн эмес.

Эгерде чек арачы автоматтык түрдө өзү толтурса, «келүү максаты» деген суроого так «жумуш» деп жооп бериш керек! Миграциялык картаны чыгарып бергенден кийин анда Сиз жөнүндө персоналдык маалыматтардын жана келүү максатынын туура толтурулгандыгын текшергиле.

### 4- кадам: Турак жайды ижарага алуу

Сак болуңуз, ишеничтүү кыймылсыз мүлк агенттиги же сайттар аркылуу гана табыңыз! Сөзсүз түрдө турак үйдүн кожоюну менен жазуу жүзүндө келишим түзүп, ижара келишимине: ижарага алуу мөөнөтүн, бир айга төлөнүүчү сумманы, тизме боюнча сизге берилген буюмдар, алардын иш жүзүндөгү абалы, андан сырткары Сиз менен чогуу жашай турган адамдардын тизмеси болуш керек. Ижарага берүүчүдөн сизди миграциялык каттоого коюусун сураңыз.

### 5- кадам: Жумушка орношуу

Сиз Россияга келгенден кийин 30 күндүн ичинде иш табышыңыз керек. Жумуш берүүчүдөн милдеттүү түрдө сиз менен эмгек келишимин же кызмат көрсөтүү, ишти аткаруу тууралуу келишимин түзүүнү сураңыз. Эгерде жумуш берүүчү сиз менен жазуу жүзүндө келишим түзүүдөн баш тартса, анда сизди алдап кетүү же эмгек эксплуатациясына кабылып калуу коркунучу бар, ошондуктан башка жумуш издеңиз!

ЕАЭКтин мүчө өлкөсүнүн жараны катары салык кызматы бөлүмүнөн салык төлөөчүнүн идентификациялык номерин каттатууну унутпаңыз.

Эмгек келишими менен иштесеңиз, Сиз милдеттүү медициналык камсыздандыруу (ММК) болот. Бул сизге бекер медициналык жардам алууга кепилдик берет.

### 6-кадам: Миграциялык каттоо

Сиз жашай турган жериңизди аныктагандан кийин кожоюн менен келишим түзүп, миграциялык каттоо сиздин реалдуу жашаган жериңизге турушуңузга кам көрүңүз. Муну Россия Федерациясына кирген күндөн баштап, 30 күндүн ичинде, андан мурун деле жасаш керек. Эгер бир эле күн кечиксеңиз Сизди кайра үйүңүзгө Россия Федерациясына 5 жылга кирбей турган кылып департация кылып жиберет. Ал үчүн Сиз жана Сиз жашай турган квартиранын же үйдүн кожоюну «Менин документтерим» көп функционалдуу борборунан же миграция маселелери боюнча Башкармалыгынын райондук бөлүмүнө паспорт, миграциялык карта, турак үйдүн ээсинин паспорту жана менчик күбөлүгү же социалдык жалдоо келишими менен барып, «келүү билдирмесин» толтурушуңар керек.

Мейманканада, жатаканада же эс алуу үйлөрдө сиздерден паспорт жана миграциялык картаны сурашат, каттоодон кийин кайтарып беришет. Кабыл алып жаткан жак өз алдынча РФнын ИИМдин ИИШБна сиздин жайгашканыңызды билдирет. Чыгаарда сизди каттоодон чыгарат, эгер Сиз Россияда дагы калгыңыз келсе, анда миграциялык каттоого коюу мүмкүнчүлүгүнүн биринен пайдаланыңыз.

Келген жери боюнча каттоого коюу. Эгер жумуш берүүчү Сизге жашай турган жер берсе, миграциялык каттоого турууга дагы бир мүмкүнчүлүк болот.Мындай мүмкүнчүлүктү көбүнчө курулуш компаниялары берет, алар курулуш шаарчаларында жашай турган жай беришет. Мындай вариантты өзүнүн жумушчуларына мейманкананы ижарага алган жумуш берүүчүлөр да колдонушат.

### 7- кадам: Медициналык камсыздандыруу сатып алуу

Келген жериңизде камсыздандыруу уюмунда сөзсүз түрдө ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полисин жасатыңыз. Бул ЫМК полиси жок болсо, эмгек келишимин түзүү мүмкүн эмес! ЫМК полисин РФга кирген күнү жасаган жакшы. Камсыздандыруу полисин Сиз өзүңүз иштей турган аймактагы камсыздандыруу компаниясында же Россиянын почта бөлүмдөрүндө жасасаңыз болот. Полис РФга кирген күндөн баштап минимум 3 айга - биринчи миграциялык каттоонун мөөнөтү бүткөнчө жарактуу болот. Эгерде Сиз жумуш берүүчү менен эмгек келишимин түзгөн болсоңуз анда милдеттүү медициналык камсыздандыруу (ММК) полисин ала аласыз.